# Ат-Башыда эн чон шырдак

**"Чебер колдор"** коомдук бирикмесинин уздары жасаган.

Дүйнөдөгү эң чоң шырдак Ат-Башыда жасалып, 4000 долларга сатылды

Чебер колдор коомдук бирикмесинин уздары жасаган, диаметри 10 метров болгон шырдак



Ат-Башы районунун Ача-Кайыңды айылында диаметри 10 метрди түзгөн тегерек шырдак жасалды. Аны элеттик аялдардан турган "Чебер колдор" коомдук бирикмесинин уздары жасаган.

Кол өнөрчүлөрдүн жетекчиси Тоюмбүбү Амановanын билдиргенине караганда мындай көлөмдүү шырдакты даярдоого эки ай убакыт кеткен.



Ала кийиз

"Элеттик аялдар өзүбүзчө бирикме түзүп 2000-жылдан бери ала кийиз, шырдак жана кийиз буюмдарын жасап иштеп келе жатабыз. Буга дейре диаметри 9 метрге чейинки шырдактарды жасачубуз. Мындай көлөмдүүсүн биринчи жолу жасадык. Жалпысынан 6 чебер жана жардамчылары менен кошулуп 15 адам эмгектенди", – деди "Чебер колдор" бирикмесинин жетекчиси.

Тоюмбүбү Аманова бул шырдакты жеке ишкер Ысык-Көлдө боз үй формасында курулган конок үйүнүн ичин улуттук стилде жасоо максатында атайын буюртма бергенин билдирди.

"Кийизди даярдоого убакыт аз болгондуктан сатып алууга туура келди. Шырдакты алты бөлүп шырып акырында кураштырдык. Жасалып бүткөндөн кийин салмагы 300 килограммды түздү. Алты эркек киши араң көтөрүп унаага жүктөштү. Ташууга ыңгайлуу болушу үчүн майда бөлүктөргө бөлүп коёлу десек буюртма берген ишкер бир жерден жылбай турарын айтып бүтүн бойдон калтырууну суранды", – деди Аманова.

Мындай шырдактарга кызыгып чет өлкөлүктөр да сатып алышат экен. "Чебер колдор" коомдук бирикмесинин шырдактарын Кытай, Корея сыяктуу өлкөдөн келген ишкерлер алып кетишкен. "Шырдактардын бир чарчы метри 4000 сом турат. Чет элдиктерге жана аз санда алгандарга ушундай баа менен сатабыз. Жогорудагы шырдактын көлөмү чоң болгондуктан чарчы метрин 3500 сомдон жасап бердик. Анын көлөмү 75 чарчы метр болуп, баасы 262 500 сомду (болжол менен 3860 доллар) түздү.



Шырдактын касиети — аны жасоо менен өзүбүздүн ой-кыялыбызды көрсөтө алабыз. Табигый жүндөн иштеп жаткан учурда адам өзүнө энергия алат. Чыныгы кол

өнөрчүлөр эч качан чарчабайт, улам бир жаңылык киргизгиси келет. Дарылык касиети ушунда деп айтам, аязда да адамдын таманынан сыз өтпөйт.

Баарыбыздын мекенибиз Кыргызстан, шырдак жердин өзгөчөлүгүнө жараша болот. Нарын өзү бир облус болсо ошонун ичинде эле райондорунда айырмачылык болот.

Ат-Башыда меринос жүндөн сапаттуу шырдак жасалып, уяң, жумшак келип кийиздери сулуу түшөт. Ал эми Ак-Талаада кылчыгыраак келет. Экинчиден, Ат-Башыда шырдак текши шырылат. Кочкордун айрым жерлеринде шырылбайт. Мен бир эле облусту алып жатам. Ысык-Көлдө, Таласта да шырыбай эле кийизди чапташтырып койгон учурлар кездешет. Кийин атайын каражаттар чыгып калды, илгери камыр менен чаптап келишкен. Канчалык оюунун айланасында шырык жыш, текши түшсө шырдак сулуу да болот, пайдалануу мөөнөтү узак болот. Ош тарапта асты менен бети деп коебуз шырдактын, экөөнүн үстүнө оюуну түшүрүп туруп, жээкти сырт бастырды деп бир бастырат. Ар өрөөндө уздардын мектеби бар деп айтсак болот дейт Тоюмбүбү Аманова.

Ортодо кийизчилик өнөр жоголуп, эч ким маани бербей калган, шырдак жасоо өнөрү унутулуп калган. Анан 2012-жылы табигый жоголуп бара жаткан маданий баалуулук катары ЮНЕСКОдо каттоодон өткөндөн кийин бул шырдак өнөрчүлүгүнө өзгөчө басым жасалып, коомчулук ойгонуп, жер-жерлерде фестивалдарды, көргөзмө сынактарды уюштурганга жол ачылды. Анан элдер да козголуп калышты, азыр шаар жерлеринде деле кыздарына сеп бергенде өздөрү жасай албай калган учурда шырдактарга буюртмаларды берет. Мен 2012-жылы Кувейтте болгом, шырдактарыбызды көтөрүп алып бардык, үч жылдан бери Венгрияга барып жүрөм. Германияда болдум, кызымды Бухарага жибердим, чет элдиктер жогорку деңгээлде баалашат. Жылуу, көтөрүп жүргөнгө ыңгайлуу, шырдактан энергия алабыз деп алар бизге буйуртмаларды беришет. Кийинчирээк көбүрөөк айтып жүрөм, катып коюп эл келгенде салгандан көрө күнүмдүк жашоодо шырдакты пайдаланалы, күндө пайдалансак өзүбүздүн ден-соолугубузга пайдалуу деп.



Кыргыз шырдагы

Шырдакка түшүрүлгөн оюунун чечмелениши анын философиясы жөнүндө айтып берейин.

Оюу – адамдын кыялы, ички дүйнөсүнүн күзгүсү да. Чымчык канат, куш канат, карга тырмак деп турмушка жана жаратылышка байланыштуу оюулар алынган.

Энелерибиз негизинен ак кара түстү пайдаланышкан. Көрсө жакшылык менен жамандык такай катарлаш жүрөт деп тандаган экен. Негизи ак-кара — бул мөңгүлөрдөн келип түшкөн, карасаң эле көрүнүп турган бычак учунда. Шырдак өнөрүн аздектеген, оюуга баа берген адам караса шырдак үстүндөгү оюу сүйлөп турат, жандуу болот.



Белгилей кетсек, Нарындын облусунда салтка айланып калган кыргыз шырдагынын фестивалы жыл сайын болуп турат. Иш-чаранын максаты кыргыз элинин кол өнөрчүлүгү боюнча мурастарын, кийиз жасоо өнөрүн сактап калуу, уздарды колдоо, ошону менен бирге аймактын экономикалык абалын жакшыртуу, туристтерди тартуу болуп саналат.